**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде сабакка жетишпеген окуучулар менен иштөө башталгыч класстан башталган. Билим башаты баштылгыч класс болгондуктан , сабакты начар оздөштүргөн окуучуларга карата, администрация мугалимдер менен бирдикте бир нече себебин аныкташты**

**Сабакка жетишпеген окуучуларга жаңы материалдарды берүүдө педагогикалык колдонуунун ыкмалары:**

- Начар өздөштүргөн окуучуларды материалды терң үйрөнүү үчүн суроооолорду берүү менен кызыгууларын колдоо чараларын көрүү;
- Жакшы окуган окуучулар айткан, жалпыланган жоопторду түшүнүүгө тартуу;

**Өз алдынча иштерди жүргүзүүдө:**

- Тапшырмаларды этаптарга бөлүп берүү, татаал тапшырмадан женилин бөлүп берүү, окшош тапшырмаларды берүү;
- Тапшырмаларды аткаруунун эрежесин эсине салуу;
- Көнүгүү аткарууга керек болгон эрежелери кайталатуу;
- Аткарып жатканишине тыкан көзөмөл жүргүзүү менен текшерүү жана оңдоо;

**Окуучулардын даярдыгын текшерүү процессинде:**

- Суроо учурунда жагымдуу атмосфера түзүү;
- Окуучуга болжолдууу жооптордун планын сунун кылуу;
- Баа коюуда көңүлүн көтөтрүү, мактоо;

**Туруктуу сабакта жетишпегендик**

- Өнүгүү этаптарынын бул кезге чейинки даярдагынын жетишсиздиги
- Окуп-үйрөнүп жаткан предметке карата кызыгуусунун жоктугу
- Эркин башкара билүүсүнүн начардыгы

**Эпизоддук сабакка жетишпегендик**

- Окутуу методикасынын жетишсиздиги
- Сабакка жетишүүсүнө болгон күнүнмдүк көзөмөлдүн начардыгы
- Билиминин бекем эместиги
- Жеке мамиленин дифференцирлеп окутуунун жоктугу
- Сабакка толук катышпагандыгы
- Классташтары, мугалимдери, ата-энелери менен мамилесинин начар болушу

**Жалпы терең артта калуу алды ала даярдыгынын начардыгы**

Удаалаштыктын жоктугу

Базасынын алсыздыгы

**Жагымсыз жагдайлар**

Дене түзүлүшүндөгү кемтик оорусу

Турмуш шартынын начардыгы, ата-эненин камкордугунун жоктугу

Акыл эсинин өсүшүнүнтөмөндүгү

Тарбиясынын жетишсиздиги

Тартипсиздиги, жалкоолугу

**Сабакка жетишпегендиктин белгилери**

- Окуучу эмне үчүн жетишпей жатканын айта албайт;
- Окулуп жаткан материал боюнча суроо бере албайт;
- Активдүү эмес сабак учурунда изденип, ойлонуп жатканда алайсый берет;



Scanned by TapScanner

- Өзүнүн ишине баа бере албайт;
- Негизги түшүнүктөрдү жана эрежелерди айта албайт;

**Сабакка жетишпегендиктеринин себептерин табуунун ыкмалары**

- Окуучулардын өз алдынча иштөөлөрүнанализдөө;
- Сабак учурунда окуучунун ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүү;
- Сабактагы материалдарды өздөштүрүүдө кездешкен кыйынчылыктар тууралуу окуучу менен баарлашуу;

Булардын негизинде окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары төмөндөгүдөй жалпы иш план иштеп чыкты



Scanned by TapScanner